КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛУСУ
КАДАМЖАЙ РАЙОНУ
ҮЧ-КОРГОН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ АЙМАК УЧ-КОРГОНСКОГО
АЙЫЛНОГО КЕНЕША

**Үч-Коргон айылдык кеңешинин кезектеги VII сессиясы**

# №7/2 ТОКТОМ

**20-май 2025-ж** **Үч-Коргон айылы**

**Үч-Коргон айыл өкмөтүнүн 17.04.2025-жыл №01-05/854 катында суралып жаткан, Үч-Коргон айыл аймагына караштуу Боз участогунда "Кызыл-Кыя-БАМ" жоопкерчилиги чектелген коому таш майдалоочу ишканага (дробилка) куруу үчүн суралган 0,30га жер аянтын "Айыл чарба жерлери" категориясынын жайыт түрүнөн "Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери" категориясына которуу (трансформациялоо) жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 19-мартындагы жер участокторун которуу (трансформациялоо) тартиби жөнүндөгү убактылуу жобосун бекитүү туралуу" №169 токтомуна жана Кыргыз Республикасынын 2020-жылдын 26-декабрындагы №12 "Инвестицияларды колдоо маселелери боюнча айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" жана "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү " мыйзамынын 7-беренесине негиз, Үч-Коргон айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Үч-Коргон айыл аймагынын Боз участкасында "Кызыл-Кыя-БАМ" ЖЧКсы таш майдалоочу ишканага (дробилка) куруу үчүн суралган 0,30 га жер аянтын "Айыл чарба жерлери" категориясынын жайыт түрүнөн "Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери" категориясына которууга (тарсформациялоо) макулдук берилсин.

2. Токтомдун аткарылышын айыл өкмөтүнүн башчысы О.М.Шакировго жүктөлсүн.

3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдө жагы айыл кеңешинин агрардык жана айыл чарба боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Ү.Рустам уулуга тапшырылсын.

**Төрага:** **Б.Бердибеков**